КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АРСТАНБАПСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Кыргыз Республикасы, Арстанбап а. тел.+996 (3736) 6 00 09
www.arstanbap.kg, email: arstanbab.okmotu@gmail.com

## Арстанбап айылдык Кеңешинин VIII чакырылыш кезектеги XIX сессиясынын

## № 1 Т О К Т О М У

**Арстанбап айылы** **1-февраль 2024-жыл**

Арстанбап айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин жана 2024-2025 жылдарга карата болжолун бекитүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин жетекчиликке алып айылдык Кеңештин каржы экономика боюнча туруктуу комиссиясын сунушун жана айыл өкмөтүнүн КЭБ башчысы К.Тиркашовтун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Арстанбап айылдык кеңешинин VIII чакырылыш кезектеги XIX сессиясы

## Т О К Т О М К Ы Л А Т

1. Арстанбап айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин кирешелер жана чыгашалар бөлүгү 28157,7 миң сомго, анын ичинен 420,0 миң сомду атайын каражаттан 1-2 тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Арстанбап айыл өкмөтүнүн 2024-2026-жылдарга жергиликтүү бюджетинин көрсөткүчтөрүнүн болжолу кирешелер жана чыгашалар боюнча болжол 2025-жылга 24623,1 миң сом. 2026-жылга 25623,8 миң сом суммасында 3-4 тиркемелерге ылайык жактырылсын.

3. 2024-жылга Республикалык бюджетинен жергиликтүү бюджеттер үчүн теңдөөчү трансферттердин өлчөмү чыгашалар 5066,7 миң сом жалпы суммасында 5- тиркемеге ылайык бекитилсин, биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер-эмгек акысы. Соц.фондко жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды каржылоого жумшалсын.

4. Жарандык коргонуу комиссиясынын чечими менен сарпталуучу, табигый кырсыктарды жана өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча маселелерди ыкчам чечүү максатында 300,0 миң сом акча каражаты каралсын.

5. Арстанбап айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы бюджетинин 1 пайыз өлчөмүндө 278,0 миң сом резервтик фондко ажыратылып пайдалануу багыттары жөнүндө чечим

айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин жоболоруна ылайык сарыпталышы белгиленсин.

6. Учурдагы жалпы кабыл алынган ченемдик укуктук актылар боюнча кошумча финансы ресурстарын талап чыгашалар кийинки жыл бюджетинде каралсын.

7. 2024-жылда аппарат кызматкерлеринин бирдик саны 18 киши менен бекитилсин. ( Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.07.2013-жылдагы 403-сандык Токтомуна ылайык).

8. Арстанбап айыл аймагындагы беш айыл башчы оруну жана аскерге милдеттүүлөрдүн саны төрт миңден ашык болгондугуна байланыштуу беш аскердик каттоо столу инспектору оруну бекитилсин.

9. 2024-жылга бекитилген бюджеттин чыгашалар тиркемесинин суммасынын чегинде өзгөртүүлөр жүргүзүү үчүн айылдык Кеңешке сунуш берүү жагы айыл өкмөтүнүн каржы экономика бөлүмүнүн башчысы К.Тиркашевке жүктөлсүн.

10. 2024-жыл 1-январга жүгүртүлүүдөгү накталай акча калдыгы 30,0 миң сомдон кем эмес өлчөмдө бекитилсин.

11. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 8-бөлүмүнө ылайык жыл ичинде пландан ашыкча жыйналган кирешелер жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актыларына ылайык кезектеги бюджеттик жылда жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын жүзөгө ашырууга пайдалануусу каралсын.

12. Ушул токтом менен бекитилген бюджеттик параметрлерди өзгөртүү зарылчылыгы болсо,ага тиешелүү оңдоолорду киргизүү кабыл алынгыча айыл өкмөтү айылдык кеңештин бюджет жана финансы боюнча туруктуу камиссиясынын макулдугу боюнча бюджеттик параметрлерди өзгөртүүнү жүргүзсүн.

13. Токтомдун аткарылышын Арстанбап айыл өкмөтүнүн башчысы И.Чолпоновко жана каржы экономика бөлүмүнүн башчысы К.Тиркашевке милдеттендирилсин.

14. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык Кеңештин каржы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Арстанбап айылдык**

**Кеңешинин төрагасы** **Ж.Абдухалилов**